Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# "АЛАК" СҮРӨСҮ ЖАНА ИСЛАМДЫН БИЛИМ БЕРҮҮГӨ БОЛГОН КӨЗ КАРАШЫ

**Док. Ниязали Арипов**

**АННОТАЦИЯ**

Актуальность и новизна исследования обусловлена тем, что данная проблема изучается впервые и до настоящего времени не было публикации на данной теме на кыргызсксом языке. Автор ставит своей целью изучить особенности и значимость аята «Икро» и об образовании в суре Алак а также обратить внимание на роль ислама в образовательных системе.

Данная научная статья посвящена воспитательному значению суры Алак и отражению роли Ислама в образовании и воспитании подрастающего поколения. Также приведено множество доказательств из суры о значимости чтения по велению Всевышнего.

**Ключевые слова:** Хира, окуу, өсүү, илим, алак, аят, инсан.

**ÖZET**

Bu araştırmada Alak süresindenki "OKU!" emir ayeti insanın eğitilmesi açısından değerlendirilmektededir. Bunun yanında islam eğitim anlayışının sadece şeri ilimlerle sınırlandırılmaması gerektiğine, bilimsel ve teknolojik gelişmelerle de ilgili olduğuna vurgu yapılmaktadır. Dolayısıyla İslamda okumak tümüyle insan hayatını kapsamaktadır. Nitekim okumak İslam dininde bir "ibadet" olarak kabul edilmiştir.

Gerçektende insanın doğru eğitilmesi ve gelecek nesle doğru terbiye vermek büyük ibadet sayılarak, kamil insanın yetiştirilmesindeki önemi belirtilmiştir.

**Anahtar Kelimeler:** Hira, okuma, gelişme, ilim, ayet, insan.

## "Алак" сүрөсү жана Исламдын билим берүүгө болгон көз карашы

Азирети Айша (Аллах ага ыраазы болсун) айткан маалыматка ылайык, Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) алгачкы вахий ("садык түш") катары келген. "Садык түш" – бул уйку арасында берилген маалыматтары пайгамбардык жашоого турмуштук чындык катары төп келген өзгөчө касиеттүү түш болгон. Анын мындай түштөрү таң нурундай тунук, так жана туура болгон. Ошол кездерде ал жалгыздыкты каалап, элден оолактай баштайт. Көбүнчө Меккеден ат

чабым узактагы Нур тоосунун Хира үңкүрүн пааналап, белгилүү түндөрү кечеси менен ибаадаттарды кылууну адатка айлантат. Ал өз тамак-ашын жанына алып, үй-бүлөсүнөн да узакташып жашоого өтөт.

Бир дүйшөмбү күнү, Рамазан айынын жыйырма жетисинде ага гайыптын керемет сыры ачылып, Аллах Тааланын амири менен анын жанында гайыптан келген Жабраил периште ага кайрылып: «Оку!»- деп буюрат. Анын окуганды жазганды билбестигине карабай дагы бир ирет денесин кысып: «Оку!» деген буйрукту дагы кайталайт. Үчүнчү жолу аны көкүрөгүнөн кысат да, Курандын алгачкы аяттарын өзү мындайча окуйт: «*Оку! Жараткан Эгеңдин аты менен. Ал инсанды уйуган кандан жараткан. Оку! Сенин эгең абдан Айкөл-Ызааттуу. Ал (инсанга) калем менен жазууну үйрөткөн. (Ал) Инсанга анын билбеген нерселерин билдирген (Алак сүрөсү, 1-5-аяттар)*.

Мындан маалым болгондой, Курандын эң алгач түшүрүлгөн беш аяты Хира үңкүрүндөгү окуя учурунда ушундайча келет. Калган аяттар ибаадат, таблиг тууралуу болуп, Харам мечитинде Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) намаз окушуна тоскоол болгон Абу Жахил жөнүндө кеп козгойт.[1]

«Оку!» деп башталган «Алак» сүрөсүнүн бул аяттары Азирети Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) жиберилген Аллах Тааланын алгачкы өз ыйык сөздөрү болуп саналат. Аллахтын алгачкы сөздөрү «Оку!» деп тек жеринен айтылган эмес. Жаратkандын бул инсаниятка болгон кайрылуусунда окууга, жазууга жана илим алууга чакырык ташталган. Анткени илим – Ислам дининин өз белгиси жана урааны.[2] Ар кайсы багыттагы өнүгүп өсүү, илим-билимдүүлүк «Окуу» арты менен ишке ашат.[3] Билим алуунун, окуунун өзөгүн түзгөн илим, Аллахка болгон ибаадат менен коштолбосо, адам анын коругунан чыгып, напсиге алдырып, же шайтанга азгырылып адашкан жолдо калышы ыктымал. Пенде Аллах Таалага жакындаганда гана алган илим инсанга пайдалуу жана жугумдуу болот. Динден алыстаган инсандын табигый илими аны көптүрүп, адамзатка зыяндуу иштерди жасоонун куралына айлануусу ыктамал. Буга мисал катары зыяндуу согуш курал жарактарын, тукум курут кылуучу атомдук, ядролук куралдарды иштеп чыккан илимий ачылыштарды айтууга болот.

Динге негизденген таза, ак ниет да, аны ишке ашыруу да ибаадат болуп саналат. Ниети ак, таза илимий амалдар адамга да,

---

[1] Аби Жафар Мухаммед ибн Жарир ат-Табари, Жаамиул Баян ан-Тавилил Куран, Мустафа ал-Баби ал-Халаби басмаканасы, Мисир, 1954-ж., XIX,251-бет; Али Күчүк, Басаирул Куран, Коня,2003-ж., 96-бет.

[2] Мухаммед Али ас-Сабуни, Сафватут Тафаасир, Дарул Калам басмаканасы, III, 581-бет.

[3] Мухаммед Бадруддин ибн Мулло Дарвиш ат-Таллуви, Тафсир Абдаил Баян ли жамии-и аайл Куран, Шафкат басмакансы, Стамбул, 2010-ж., 1246-бет.

коомго да, жашоого да күч-кубат, жеңилдик, өнүгүү, өсүү берет. Адам (алейхис салам) илим-билими менен периштелерден жогору турарын ырастаган аяттар бар.[4] Ошондуктан Аллах Таала «Оку!» деген буйрук менен илим алуунун, билимдүүлүктүн зоболосунун зордугунан ишаарат берген. Ал эми, бул аяттагы «Оку!» дегендеги башкы ниет, максат – кайсы гана илим, окуулар болбосун, ал Жаратканды таанып билүүгө, данктоого, анын улуулугун кабыл алып, моюн сунууга багытталган болуусу абзел. Бул жерде илим менен ибаадаттын өз ара тыгыз байланышын, шайкештигин Исламдагы: «ар бир амал Аллахтын амири жана адамдын аракети менен гана ишке ашат!»-, деген диалектикалык мыйзамды так белгилеп коюу керек. Түшүнүү, түшүндүрүү, үйрөнгөнүн ишке ашыруу- мунун баары адамдагы ыкласман аракет, көптү окуган билимдүүлүк аркылуу гана максатка жетет. Андыктан, "Алак" сүрөсүндөгү "Оку!" деген буйрукту биз: "дин Исламды, Ыйык Куранды, Аллах Тааланын буйруктарын, ааламдын, табияттын, жаратылыштын мыйзамдарын, өзүбүздү, жаралуу, жашоо сырларын, пайда менен зыян, жакшы менен жамандын баарын оку" деп түшүнүшүбүз керек. Аллах Таала Курандын бул алгачкы аяттары аркылуу бизге оболу өзүбүздүн кандайча жаратылганыбызга көңүл бурдуруп: "Силер кандай жаратылдыңар эле?" деген суроого жооп узатып жаткансыйт. Анда адамдын бир "алактан" (уюган кандан), башка бир жерде бир тамчы суудан жаратылганын баса белгилөө менен, жаратылыш сырларына ээрчитип, ой чаптырууга чакырат.

"Раббиңдин аты менен Оку!"- деген аяттын маанисине назар таштасак, ар бир илим, билимди окуудан обол, аны: "Бисмиллаахир рахманир рахиим!"("Аллахтын ысымы менен баштаймын!") – деген ийгиликти кепилдеген улуу сөз менен баштоо тууралуу Кудайдын пайдалуу өз сунушу жатканын айтууга болот.[5]

"Пайгамбарыбыз (саллахллаху алейхи васаллам) келген ар бир аятты биринчи өзү окуп (жаттап), маанисин үйрөнүп, андан кийин анын маанисин жашоодо так, туура, толук- кемтиксиз аткарат эле"- деп эскеришет кутмандуу сахабалар.[6]

Бул сүрөнүн баштапкы аяттары илим-билимге чакырык салып, окууга, үйрөнүүгө үндөсө, соңку аяттары жашоого зарыл мал-мүлк тууралуу баяндап, ага берилип, артынан түшүп, мас болуп-азгырылуунун кесепети жаман болорун эскертет. Айрыкча, динди

---

[4] Мухаммед Али ас-Сабуни, а.а.ч.582-бет.

[5] Али бин Мухаммед бин Султан ал-Харави, Миркот ал-Мафаатих, Дар ал-Фикр басмаканасы, Бейрут 1994, X, 106-бет.

[6] Али Күчүк, а.а.ч. 2-бет.

туура үйрөнүүдө, илим алууда жана мал-мүлккө азгырылуудан сак, узак болууга чакырган.[7]

Алгачкы аяттагы "Оку!" буйругунда «Куранды оку!» деген түшүнүк бар экендигин айткан аалымдар да бир топ. Мындай пикирди тутунгандар: «*Биз аны окуганда, сен аны ээрчип окугун*»[8], «*Адамдарга шашпай окуп берүүң үчүн Куранды бөлүк бөлүк кылып түшүрдүк*»[9] деген аяттарды далил катары көрсөтүшөт. Бул тар маанидеги пикирди кабылдай турган болсок, аятта бир тараптуу болгон, жалаң эле Куранды жана Исламий илимдерди окуу менен чектелген түшүнүк пайда болуп калат. Айрыкча, мындай тар маанидеги бир тарап түшүнүктөрдүн натыйжасында динди илимге карама-каршы коюу менен мусулман коомчулугунда коомдук жана так илимдердеги өнүгүүсү ойдогудай болбой калат, мындай учурлар диний коомдук турмушта кездешип жатат. Бүгүнкү мусулман өлкөлөрүнүн, коомчулугунун табигый илим жана техникалык өнүгүү жаатындагы артта калышы мунун айкын далили болуп саналат.

Аллах Таала: "Оку!"- деген буйругу менен тек гана Куранды же ага байланыштуу дин илимдерин, айтор, жалаң акыреттик жашоо жагын окуу керек дегендей маанидеги чекти койгон эмес. Бул буйруктун маңызында табигый, дүйнөлүк илимдерди да терең өздөштүрүү зарыл деген нускоо жатат.[10] Улуу пайгамбарыбыздын да өз үмөттөрүнө осуяттап: "Кытайга барып болсо да илим алгыла!" -, дегенинин мааниси ушунда жатат. Ал"Оку!"- деген буйрукту тар мааниде, бир тараптуу болгон дин гана жаатында түшүнгөндө үммөттөрүн ошол доордо дүйнө илими гүлдөп өнүккөн Кытайга эмес, дин илими гүлдөп өнүккөн Медина, Мекке шаарларынан дин илимин алууга осуяттамак эле. "Алак" сүрөсүнүн бул алгачкы аяты аркылуу Ислам дининин прогрессивдүү, универсалдуу дин экендигин айкындап турат.

Дүйнөлүк билимдердин өнүгүп, өсүүсүнө Курандын зор таасир эткенин жана көп генийлик атак данкка ээ болгон илимпоздордун үлкөн максаттарга, туура багыттарга умтулушуна, улуу ачылыштарды жасоосуна алардын Кудайга болгон ишеними, ибаадаттары ыңгайлуу шарт жараткан. Буга мисал катары, орто кылымдардагы мусулман

---

[7] Фахруддин ар-Рази, Ат-Тафсирул Кабиир, Хаятут Туросул Араби басмакансы, Бейрут 2001-ж., 221-бет.

[8] Кыямат, 18.

[9] Исра,106.

[10] Муса Билгич, «Куранда илим термини», Диянет илимий журналы, XXXXVI, №1-саны, 2010-ж. 108-бет.

окумуштуулардын илимдин ар кайсы тармактарындагы улуу жетишкендиктерин айта алабыз.[11]

Ал эми: «*Ал инсанга билбеген нерселерин үйрөттү*» -, деген аятына келсек, инсандын калем менен үйрөнүүсү жана башка нерселерди да үйрөнүүсү максат кылынат.[12] Болгону Куранды болсун же башка нерселерди болсун Жаратkандын атын, ысымын атап, аны таануу максатында окуу зарыл.[13]

Мухаммед (саллахллаху алейхи васаллам) Пайгамбарга Куранды окуу жана анын маанилерин, өкүмдөрүн үйрөнүү, башкаларга үйрөтүү талабы коюлган. Бул аяттын маанисине көңүл бура турган болсок: "Аллах Таала адамга тамга таанып, жазуу жазганды үйрөттү"-, деген маани чыгат. Анткени, буга материалдык өңүттөн карай турган болсок, жазуу болбосо, окуу да болбойт эмеспи? Анын сыңарындай, жазуудан окулуучу нерселер түбөлүк сакталат. Адам атадан бизге жазуу, үйрөнүү, таанып билүү өңдүү баалуу иштер мураска калган.[14] Ошондуктан, аяттагы: "Оку!"-, деген буйрукта, окууну атайын бир тарапка, темага байланыштуу кылып чектөө шарты коюлган эмес. Аяттын төркүнүндө инсандын өзүнөн баштап, айлана чөйрөсүн, табиятты, космос мейкиндигидеги планеталарды таанып билүү, аларды анализдөө, изилдөө, илимий сырлар арты менен Аллах Тааланын сыпааттарын чечмелеп, өзүнүн акыйкат, чындык экендигин ырастаган сан миңдеген илимий салыштырууларды, үлгүлөрдү, далилдерди көргүлө!"-, деген ишааратtar жатат. Ошончо окуп, таанып, билгенден кийин деле Аллах Таалага ыйман келтирбеген окумуштууларды, билермандарды бей шүгүрчүлүк кылган адам катары кароого болот.[15]

Жалалайн тафсириндеги "Алак" сүрөсүнүн котормосун назарыңыздарга сунабыз:

**Алак сүрөсү**

Бул сүрө Мекке доорунда түшкөн, 19 аяттан турат. Алгачкы1-5-аяттары Хира үңкүрүндө түшкөн *(Бухари риваятынан).*

**Мээримдүү, Ырайымдуу Аллах Тааланын ысмы менен (баштаймын).**

---

[11] Ибрахим Хилми Карслы, «Курандын илимий тафсири боюнча талкуулар», Диянет илимий журналы, XXXXVI, №3-саны, 2010-ж. 92-бет.
[12] Фахруддин ар-Рази, а.а.ч. 219-бет.
[13] Жогорудагы чыгармада, 215-бет.
[14] Мухаммед ибн Нияз Коори, Тафсир Фатхур Рахмаан, Даарул Имаан басмаканасы, Мадина 2000-ж., 1422-бет.
[15] Хайреддин Караман, Мустафа Чагрыжы, Куран Жолу Тафсири, ДИБ басмаканасы, Анкара 2007, V, 651-бет.

**1.** Бардык макулуктарды **жараткан Эгеңердин аты менен** окууну башта.

**2.** Ал, **инсанды** кичинекей өлчөмдөгү **коюу кандан жаратты.**[16]

**3. Оку!**[17] **Сенин Эгең** эч кандай теңи жок, чексиз Жоомарт-ызааттуу.

**4. Ал,** (инсанга) **калем менен** жазганды **үйрөткөн.** (Алгачкы жолу калем менен жазууну жазган Идрис (а.с.) пайгамбар болгон).

**5. Инсанга** үйрөтүүдөн мурда **билбеген** хидаят, жазма жазуу, өнөр кылуу ж.б. **нерселерди Ал үйрөттү.**

**6,7. Чындыгында инсан** мал-мүлкү менен **өзүн жетиштүү көргөндүктөн сөзсүз чектен чыгат. (**Бул аят Абу Жахил тууралсында түшкөн. *Аяттагы «ра-а» билүү маанисинде, «истагна» экинчи маф улу, «ан-ра-аху» маф улу лах катары каралат).*

**8.** Эй инсан **эч күмөнсүз кайра кайтуу бир гана Раббиңе болот. (**Бул аяттагы кайра кайтуу сөзү (аркылуу моюн сунбаган) инсанды коркутуу мааанисинде. Ал, чектен чыккан инсанга тийиштүү жазасын берет).

**9,10. Карасаң! Ал адамга** (Абу Жахилге), **бир пендени** (Азрети Пайгамбарды (саллахллаху алейхи васаллахм) **намаз окуудан тосот!**

*Бул сүрөдө үч жерде орун алган истифхам та-аж-жуп (таң калуу-билдирүү) катары келет.*

**11. Көрдүңбү? Ал,** тыюу салынган киши **туура жолдо болуп атса.**

**12. же (ал) такыбалыкка**[18] **буйруп жатса.**

*Аятта орун алган «ав» таксим катары колдонулат.*

**13.** Пайгамбарды (саллаллаху алейхи васаллам) тыюу салуучу **Аны төгүндөп,** ыймандан **баш тартып жатканын көрдүңбү?**

**14. Аллах Таала** анын көкүрөгүндөн эмне өтүп жатканын **көрүп турганын билбедиби?** Эмне жасагандарынын жообун берет. Эй инсан! Аллахнын Элчисин намаздан тоскон жосунсуз жоругуна таң каласың! Айтор, жолтоого кабылган киши хидаят жолунда жүргөн, такыбалыкка үндөгөн киши. Тоскоол болгон адам болсо жалганчы жана ыймандан жүз үйрүгөн инсан.

**15.Оо, жок!** Бул аны четке кагып коркутуу. **Ант болсун!** Эгер ал каапырдыктан **артка кайтпаса, биз аны көкүлүнөн тартып,** тозокко карай **сүйрөйбүз.**

**16.Жалганчы жана күнөөкөр көкүлүнөн,**

---

[16] «Алак» коюу кандын кичинекей бөлүгү, Алака сөзүнүн көптүк түрү.
[17] Бул буйрук биринчини бекемдөөчү болуп каралат. «Ва Раббукал Акрам» сөзү «Икро» сөзүндөгү көрүнбөгөн «анта» таандык мүчөсүнөн «Хал» болот.
[18] Жаратқандан коркууга.

*Грамматикалык эреже: Аятта орун алган «наасия» марифа ысымдан бадал болуп эсептелет. Көкүлүнүн жалганчы жана күнөөкөр болуп сыпатталышы каймана мааниде келет. Чындыгында жалганчы жана күнөөкөр деп ошону жасаган адамга айтылат.*

**17. Анда ал[19] өзүнүн жамаатын чакырсын.** Мындайча айтканда, өзүнүн мажлисиндеги санаалаштарын чакырсын. Топтолуп сүйлөшүү үчүн жыйылган жамаатка «Наади» деп айтылат. Намазына жолтоо болгон Абу Жахилди Аллахнын Элчиси каттуу жемелейт. Ошондо Абу Жахил мындай деп ооз көптүрөт; «Валлахи (Аллахга ант болсун), бул өрөөндө (Маккада) мендей тарапкери көп эч ким жок экенин сен да жакшы билесиң. Эгер кааласам, сага каршы бул өрөөндү жайдак аттарга, сакалсыз жигиттерге толтурам!»

**18. Биз** аны кулатуу үчүн **Забанилерди** күч-кубаттуу, өтө айбаттуу периштелерди **чакырабыз.**

**19. Жок!** Бул аны четке кагып, коркутуу. Эй Мухаммед! Намазды таштаба, **сен ага[20] баш**

**Ийбе! Сажда кыл** Аллах үчүн намаз оку жана ага моюн сунуп жакында.

**Колдонулан адабияттар:**

1. Аби Жафар Мухаммед ибн Жарир ат-Табари. Жаамиул Баян ан-Тавилил Куран. -Мисир: Мустафа ал-Баби ал-Халаби,1954.
2. Али Күчүк, Басаирул Куран. -Коня: 2003.
3. Жалаллуддин Мухаммад ал-Махалли ас-Суюти-Жалаллуддин Абдуррахман бин Абу Бакр ас-Суюти. Тафсирул Жалаллайн. –Стамбул: Салах Билги, жылы жок.
4. Ибрахим Хилми Карслы, «Курандын илимий тафсири боюнча талкуулар». Диянет илимий журналы, №3-саны, 2010.
5. Мухаммед Али ас-Сабуни, Сафватут Тафаасир. –Бейрут: Дарул Калам, жылы жок.
6. Мухаммед Бадруддин ибн Мулло Дарвиш ат-Таллуви, Тафсир Абдаил Баян ли жамии-и аайл Куран. -Стамбул: Шафкат, 2010.
7. Молло Али бин Мухаммед бин Султан ал-Харави, Миркот ал-Мафаатих. -Бейрут: Дар ал-Фикр,1994.
8. Муса Билгич, «Куранда илим термини». Диянет илимий журналы, № 1-саны, 2010.
9. Мухаммед ибн Нияз Коори, Тафсир Фатхур Рахмаан. -Мадина: Даарул Имаан, 2000.

[19] Кудайга ишенбеген инсан.
[20] Кудайга ишенбеген инсан.

10. Фахруддин ар-Рази, Ат-Тафсирул Кабиир. -Бейрут: Хаятут Туросул Араби, 2001.
11. Хайреддин Караман-Мустафа Чагрыжы., Куран Жолу Тафсири. -Анкара: ДИБ, 2007.